**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**МОСКВА РАЙОНУ**
**МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**МИН-БУЛАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ № 32
## Миң-Булак айыл аймагынын I-чакырылыштагы Кеңешинин II-кезексиз сессиясы

2025-жылдын 17-январы Садовое айылы

**Жер участогунун максаттык багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Москва райондук шаар курулуш жана архитектура департаментинин башкармалыгынын 2024-жылдын 25-октябрындагы №180-2024 корутундусунун негизинде, Кеңештин жеке турак жай куруу, муниципалдык менчикте турган кыймылсыз мүлк объектилерин, жер участокторун сатуу жана ижарага берүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 18-декабрындагы корутундусуна ылайык, Садовое айылынын Крупская көчөсү №1а дарегинде жайгашкан жалпы аянты 948,0 кв.метр жер участогу жөнүндө материалдарды карап жана талкуулап чыгып Миң-Булак айыл аймагынын Кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жер участоко жеке менчик укугу менен берилген Ч №1300030 сериясындагы Мамлекеттик актынын, белек келишиминин негизинде Севостьянова Светлана Михайловнага таандык болгон Садовое айылынын Крупская көчөсү №1а дарегинде жайгашкан жалпы аянты 948,0 кв.метр жер участогунун короо жай максаттык багытын унааларды сатууга алдын ала даярдоо пункту максаттык багытына өзгөртүү үчүн Миң-Булак айыл өкмөтүнө макулдук берилсин.
2. Миң-Булак айыл өкмөтү жер участогунун максаттык багытын өзгөртүү боюнча керектүү документтерин дайындасын.
3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Ж.Алыбековко жүктөлсүн.

**Төрайым** **Асадова А.К.**